УДК 377.121 (575.2)
DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-442-446

**ШАКИРОВА К.К.[1], БАЙТУГОЛОВА Ж.А.[2], ДУЙШЕНОВА Н.У.[2]**
Ж.Баласагын атындагы КУУ[1],
К. Дикамбаев атындагы КР ТИМ ДА[2]
**ШАКИРОВА К.К., БАЙТУГОЛОВА Ж.А., ДУЙШЕНОВА Н.У.**
КНУ им. Ж. Баласагына,
ДА им. К. Дикамбаева МИД КР
**SHAKIROVA K.K., BAYTUGOLOVA J.A., DYUSHENOVA N.U.**
KNU named after J. Balasagyn,
DA MFAKR named after K. Dikambaev

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНА ФИНАНСЫЛЫК АВТОНОМИЯНЫ ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК БАШКАРУУНУ ЭТАП МЕНЕН ИШКЕ АШЫРУУ

# ПОЭТАПНОЕ ВНЕДРЕНИЕ ФИНАНСОВОЙ АВТОНОМИИ И ФИНАНСОВОГО УПРАВЛЕНИЯ В ВУЗЫ КЫРГЫЗСТАНА

# GRADUAL INTRODUCTION OF FINANCIAL AUTONOMY AND FINANCIAL MANAGEMENT INTO UNIVERSITIES IN KYRGYZSTAN

**Кыскача мазмуну:** Макалада Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына алардын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуунун стратегиялык механизми катары финансылык автономияны жана финансылык башкарууну этап-этабы менен киргизүү каралат. Финансылык өз алдынчалыктын негизги аспектилери, анын ичинде финансылык башкаруудагы өзгөрүүлөр, бюджетти түзүү үчүн жоопкерчилик жана кошумча каражаттарды тартуу механизми талданат. Макала жогорку билим берүү системасын өркүндөтүүгө кызыкдар болгон жогорку окуу жайдын администраторлору, саясатчылар жана изилдөөчүлөр үчүн пайдалуу болушу мүмкүн.

**Аннотация:** В статье рассматривается поэтапное внедрение финансовой автономии и финансового управления в высшие учебные заведения Кыргызской Республики, как стратегический механизм повышения эффективности их деятельности. Анализируются основные аспекты финансовой автономии, включая изменения в управлении финансами, ответственность за бюджетирование и механизм привлечения дополнительных средств. Статья может быть полезна для администраторов высших учебных заведений, политиков и исследователей, заинтересованных в улучшении системы высшего образования.

**Abstract:** The article examines the phased implementation of financial autonomy and financial management in higher education institutions of the Kyrgyz Republic as a strategic mechanism for improving the efficiency of their activities. The main aspects of financial autonomy are analyzed, including changes in financial management, responsibility for budgeting and the mechanism for attracting additional funds. The article may be useful for administrators of higher education institutions, politicians and researchers interested in improving the higher education system.

**Негизги сөздөр:** жогорку билим, жогорку окуу жайлары; университеттин автономиясы; финансылык автономия; бюджет түзүү; каржы менеджменти; билим берүү саясаты; ийгиликтүү ишке ашыруунун мисалдары; көйгөйлөр жана чечүү жолдору; билим берүүдөгү реформалар.

**Ключевые слова:** высшее образование; высшие учебные заведения; университетская автономия; финансовая автономия; бюджетирование; управление финансами; образовательная политика; примеры успешного внедрения; проблемы и решения; реформы в образовании.

**Keywords:** higher education; higher education institutions; university autonomy; financial autonomy; budgeting; financial management; educational policy; examples of successful implementation; problems and solutions; reforms in education.

Кыргызстан ар тараптуу билим берүүгө умтулуп, билим берүү алдыңкы деңгээлге жетип, улуттук муктаждыктарга жакшы жооп бериши максатын көздөйт. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жогорку билимди жаңыртуу жана мамлекеттик жогорку окуу жайларынын автономиясын, финансылык автономиясын жана жоопкерчилигин кеңейтүү боюнча көптөгөн стратегияларды ишке ашыруунун аракетинде.

Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августунда кабыл алынган "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын 3-беренесинде "Автономия - бул билим берүү уюмунун билим берүү, административдик жана финансылык-экономикалык ишти өз алдынча жүзөгө ашыруу, анын ичинде адам ресурстарын жана активдерди башкаруу маселелери боюнча башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу, Мыйзамга жана билим берүү уюмунун уставына ылайык билим берүү жана башка иштерди колдоо жана өнүктүрүү үчүн бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы каражаттарды тескөө укугу" – деп белгиленет [1].

Жыйынтыктап айтканда, билим берүү уюмунун автономиясы — бул жогорку окуу жайлардын өз иштери боюнча чечим кабыл алуу эркиндиги, негизинен бир нече аспектти камтыйт: уюштуруу структурасындагы автономия, персоналдагы автономия, академиялык автономия жана финансылык автономия болуп саналат. Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын дүйнөлүк рыноктогу мүмкүнчүлүгүн жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн кыргызстандын жогорку окуу жайларына финансылык автономияны жана финансылык башкарууну
этап менен ишке ашыруу бүгүнкү күндүн талабы.

Жогорку окуу жайлары үчүн финансылык автономиянын киргизүү иштеринин актуалдуулугу бир нече негизги факторлор менен шартталат:

- ресурстарды башкаруу натыйжалуулугу: каржылык көз карандысыздык, бюджеттерди учурдагы муктаждыктарга жана стратегиялык максаттарга ылайыкташтырууга, финансылык ресурстарды ийкемдүү жана тез башкарууга мүмкүндүк берет. Бул окуу процессинин жана илимий иш-аракеттердин жалпы натыйжалуулугун жогорулатуу менен ресурстарды пландаштырууну жана бөлүштүрүүнү жакшыртууга жардам берет.

- инновацияны стимулдаштыруу: автономдуу университеттер билим берүү процессине, изилдөө иштерине жана административдик башкарууга инновациялык ыкмаларды оңой киргизе алышат. Каражаттарды эркин башкаруу мүмкүнчүлүгү жаңы долбоорлорду, стартаптарды жана дисциплиналар аралык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө женилдик берет;

- билим берүүнүн сапатын жакшыртуу: финансылык көз карандысыздык жогорку окуу жайлардын материалдык-техникалык базаны жакшыртууга, окуу куралдарын жаңыртууга, квалификациялуу окутуучуларды тартууга жана билим берүү программаларынын спектрин кеңейтүүгө мүмкүндүк берет. Бул түздөн-түз билим берүүнүн сапатын жана билим берүү кызматтарынын рыногунда жогорку денгээлде билим берүүгө жана билим алуу жаатында атаандаштыкка таасирин тийгизет;

- илимий изилдөөлөрдү өнүктүрүү: финансылык автономияга ээ болгон жогорку окуу жайлар илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн гранттарды, демөөрчүлүк жардамдарды жана башка бюджеттен тышкаркы каржылоо булактарын натыйжалуу тартып, пайдалана алышат. Бул жогорку окуу жайлардын илимий чөйрөдөгү позициясын бекемдөө менен илимдин жана техниканын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт;

- билим берүү чөйрөсүндөгү өзгөрүүлөргө ылайыкташуу: тез өзгөрүп жаткан билим берүү рыногунда жана глобалдык чакырыктарда финансылык автономия жогорку окуу жайларга жумуш берүүчүлөрдүн жаңы талаптары, билим берүү стандарттарындагы өзгөрүүлөр жана илимий чөйрөдөгү тенденциялар сыяктуу өзгөрүүлөргө ыкчам жооп берүүгө мүмкүнчүлүк берет;

- жоопкерчиликти жана отчеттуулукту жогорулатуу: финансылык башкарууда автономия жогорку окуу жайлардан финансылык отчеттуулуктун жана ачык-айкындуулуктун деңгээлин жогорулатууну талап кылат. Бул ички көзөмөлдү жакшыртууга жана финансылык кыянаттыктын алдын алууга жардам берет.

- өз алдынчалуулукту жана инновациялык потенциалды жогорулатуу: финансылык автономия жогорку окуу жайларга өз алдынча чечим кабыл алуу жана стандарттуу эмес чечимдерди ишке ашыруу үчүн көбүрөөк мүмкүнчүлүктөрдү берет, бул креативдүүлүктү жана инновациялык демилгелерди өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Кабыл алынган мыйзамдан кийин, 30-дан ашык жогорку окуу жайлардын ичинен өзгөчө макам алган 6 жогорку окуу жайлар өзүн-өзү каржылоого жана тейлөө укугуна ээ болгонун жана

жогорку окуу жайларга көбүрөөк ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүгө карай жылыш бар экенин байкоо болот.

Мамлекеттик жогорку окуу жайлары үчүн автономдуу механизмге өтүүдө каржылык башкарууну жакшыртуу өтө маанилүү. Мындан тышкары, жогорку окуу жайлар каржылык ресурстарды жигердүү издеп, аларды туура жана натыйжалуу бөлүштүрүшү керек. Финансылык автономия узак мөөнөттүү өнүгүүнү камсыз кылган жана жогорку окуу жайлардын автономиясын ишке ашырууда жетишкендиктерге алып келген планын иштеп чыгуу үчүн маанилүү кадамдары каралышы жана кабыл алынышы керек. Себеби, жогорку окуу жайлары окутуунун сапатын жогорулатуу, илимий изилдөөлөрдү илгерилетүү жана адам ресурстарын өнүктүрүү үчүн зарыл болгон финансылык ресурстардан көз каранды.

Мамлекеттик жогорку окуу жайларды каржылоо маселесин талкуулоодо, албетте, бул өкмөт тарабынан аларга канча акча бөлүнгөнү жөнүндө гана эмес, университеттин жетекчилиги эң пайдалуу деп эсептеген жолдор менен бул акчаны колдонууда канчалык эркин экендиги жөнүндө маселе жаралат. Жогорку билим берүү системасынын каржылык башкарууга болгон мамилесин өзгөртүү зарылдыгы бүгүнкү күндө актуалдуу маселеге айланды.

Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын финансылык автономиясын киргизүүдө институттук жана финансылык механизмди түзүү жана киргизүү боюнча бир катар иш чараларды өткөзүү менен финансылык автономияга байланышкан негизги аспектилери карап чызуу зарыл:

- Бюджеттик көз карандысыздык: жогорку окуу жайлар бюджеттик каражаттарды бөлүштүрүү жана пайдалануу боюнча көбүрөөк укуктарга ээ. Бул билим берүү мекемелерине окуу процессиндеги өзгөрүүлөргө жана студенттердин керектөөлөрүнө ийкемдүү жооп берүүгө мүмкүндүк берет.
- Каржылоо булактары: жогорку окуу жайлар жеке инвестициялар, гранттар жана демөөрчүлүк сыяктуу кошумча каржылоо булактарын тарта алат. Бул өкмөттүн бюджетинен көз карандылыкты азайтууга жардам берет.
- Кирешелерди башкаруу: Билим берүү мекемелери акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарынан, имараттарды ижарага алуудан, окуу материалдарын сатуудан жана башка иш-аракеттерден алынган кирешелерди өз алдынча башкара алат.
- Чечим кабыл алууда өз алдынчалык: жогорку окуу жайлар ички каржыга байланыштуу чечимдерди кабыл алууда көбүрөөк эркиндикке ээ болушат, анын ичинде профессордук-окутуучулар курамына эмгек акы төлөө, изилдөө жүргүзүү жана инфраструктураны жаңылоо.
- Контролдоо жана отчеттуулук: Финансылык автономия менен жаңы отчеттуулук жана контролдоо талаптары да келип чыгат. Университеттер өздөрүнүн каржылык операциялары жөнүндө отчет бериши жана белгилүү бир стандарттарга ылайык келиши керек.

Жалпысынан жогорку окуу жайлардын финансылык өз алдынчалыгынын максаты алардын натыйжалуу иштеши жана өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүү, билим берүү кызматтарынын сапатын жогорулатуу жана студенттердин канааттануу деңгээлин жогорулатуу болуп саналат.

Финансылык автономияны ийгиликтүү ишке ашырууда мамлекет тарабынан жогорку окуу жайлар үчүн финансылык башкарууну жакшыртууга жана ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган стратегиялалык пландарды, мыйзам жана аларга ылайык укук актыларын киргизүү менен женилдетилген шарттарды түзүү зарыл.

Себеби, Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын финансылык автономиясы – бул окуу жайларына финансылык ресурстарды башкарууда көбүрөөк өз алдынчалыкты берүү процесси. Акыркы жылдары Кыргызстанда билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жана жогорку окуу жайларды башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган билим берүү тармагында жүрүп жаткан реформалар аздык кылат. Эң натыйжалуу натыйжаларга жетүү үчүн жогорку окуу жайлар студенттер, мугалимдер жана стратегиялык өнөктөштөр үчүн зарыл болгон баалуулуктарды түзүү маанилүү. Заманбап дүйнөдө каржылоо жогорку окуу жайлардын өнүгүү стратегиясы менен тыгыз байланышта болушу зарыл, университеттердин ишинин натыйжалары үчүн жоопкерчиликти бөлүшүү үчүн адистештирилген адистер менен каражат эмне үчүн бөлүнүп жатканын жана алар кандай натыйжа берерин түшүнүү керек. Финансылык чечимдер туруктуу жана келечектүү моделди кылдат иштеп чыгууга негизделип, процесстердин маңызы терең изилденип, аналитикалык функцияны иштеп чыгып, финансылык башкаруу да маанилүү экение баса белгилей кетиш керек.

Кыргыз Республикасынын айрым жогорку окуу жайларына финансылык автономияны акырындык менен киргизүү үчүн пайдалуу болушу мүмкүн болгон бир нече төмөнкү негизги инновацияларды жана ыкмаларды карап чыгуу зарыл:

**1. Стратегиялык пландарды жана ченемдик укуктук базаны иштеп чыгуу жана ишке ашыруу**

- стратегияны түзүү: финансылык автономияны ишке ашыруунун стратегиялык планын иштеп чыгуу, ал ишке ашыруу этаптарын, мөөнөттөрүн, жооптуу адамдарды жана ресурстарды камтыйт;
- узак мөөнөттүү финансылык стратегиялар: жогорку окуу жайлар кирешелерди жана чыгашаларды болжолдоону, инвестициялык долбоорлорду жана бюджетти пландаштырууну камтыган узак мөөнөттүү каржы пландарын иштеп чыгып, ишке ашыруу;
- талдоо жана болжолдоо: каржылык агымдарды болжолдоо жана мүмкүн болуучу тобокелдиктерди аныктоо үчүн аналитикалык куралдарды колдонуу;
- ресурстарды башкарууну оптималдаштыруу;
- колдонуп жаткан процесстерди автоматташтыруу: санариптик технологияларды колдонуу менен бухгалтердик эсепти, финансылык контролду жана активдерди башкарууну автоматташтыруу үчүн программалык камсыздоону ишке ашыруу;
- чыгымдарды талдоо жана оптималдаштыруу: оптималдаштыруу жана чыгымдарды азайтуу мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо максатында учурдагы чыгымдарды үзгүлтүксүз аудит жүргүзүү жана талдоо;
- мүлктү жана активдерди башкаруу, жер жана имараттар сыяктуу активдерди ижарага берүү, алуу же сатуу стратегиясын иштеп чыгуу;
- кыймылсыз мүлктү инвестициялоо: кошумча киреше алуу максатында учурдагы кыймылсыз мүлктү өнүктүрүүгө жана модернизациялоого инвестиция салуу.
- мыйзамдарга өзгөртүүлөр: зарыл болгон учурда жогорку окуу жайлардын өз алдынчалыгын камсыз кылуу үчүн финансылык ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу мыйзамдарга жана ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү.

**2. Айкындуулук жана отчеттуулук, Баалоо жана жакшыртуу**

Коомдук отчеттор: ачык-айкындуулукту жана ишенимди камсыз кылуу үчүн коомчулукка үзгүлтүксүз финансылык отчетторду жарыялоо.

Ички контроль: Финансылык операциялардын ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу жана кыянаттык менен пайдаланууну болтурбоо үчүн ички контролдук жана аудит системаларын ишке ашыруу. Аткарылган иш-чаралардын натыйжалуулугун үзгүлтүксүз аудит жана баалоо жана зарыл болгон учурда стратегияны оңдоо. Тажрыйбага жана чөйрөдөгү өзгөрүүлөргө негизделген финансылык башкаруу процесстерин жана практикасын үзгүлтүксүз өркүндөтүү.

**3. Билим берүү кызматтарын жана кошумча киреше булактарын өнүктүрүү. Кирешенин альтернативдүү булактарын өнүктүрүү**

Акы төлөнүүчү билим берүү кызматтары: Акы төлөнүүчү курстардын спектрин кеңейтүү, квалификацияны жогорулатуу программалары, кесиптик сертификаттар жана онлайн окутуу.

Илимий гранттар жана контракттар: жеке жана мамлекеттик уюмдар үчүн илимий гранттар жана изилдөө контракттары боюнча сынактарга активдүү катышуу.

Бизнес менен өнөктөштүк: өнөр жай өнөктөштөрү, демөөрчүлүк жана корпоративдик өнөктөштүк менен биргелешкен программаларды түзүү.

Онлайн курстар жана платформалар: Ар кайсы аймактардан жана өлкөлөрдөн келген студенттерди тарта турган онлайн курстарды жана билим берүү программаларын түзүү жана сатуу.

Инновациялык билим берүү технологиялары: виртуалдык реалдуулук, жасалма интеллект жана адаптивдик окутуу системалары сыяктуу заманбап билим берүү технологияларына инвестициялоо.

Акы төлөнүүчү кызматтар: Акы төлөнүүчү билим берүү программаларын, квалификацияны жогорулатуу курстарын жана кошумча киреше алып келе турган башка кызматтарды иштеп чыгуу.

Өнөктөштүк жана гранттар: Жеке сектор менен өнөктөш болуу, гранттарды жана башка каржылоо булактарын алуу мүмкүнчүлүктөрүн активдүү издөө.

**4. Адам ресурстарын башкаруу**

Мотивация жана сыйлык: Кызматкерлердин натыйжалуулугун жана өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга жардам берген сыйлык жана мотивация системаларын өнүктүрүү.

Квалификацияны жогорулатуу: квалификациясын жогорулатуу үчүн кызматкерлердин кесиптик деңгээлин жогорулатууга жана окутууга инвестициялоо.

**5. Корпоративдик имиджди жана брендди өнүктүрүү**

Маркетинг жана PR: маркетинг кампаниялары аркылуу университеттерди активдүү илгерилетүү, студенттерди жана өнөктөштөрдү тартуу үчүн билим берүү көргөзмөлөрүнө жана конференцияларга катышуу.

Репутацияны башкаруу: Ишенимдүү жана инновациялык билим берүү мекемеси катары университеттин позитивдүү имиджин түзүү жана колдоо.

Бул инновациялар жана ыкмалар университеттерге финансылык жактан көз карандысыз болууга гана эмес, билим берүү кызматтарынын сапатын, алардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга жана узак мөөнөттүү келечекте туруктуу өнүгүүнү камсыз кылууга, эффективдүү ишке ашырууга жана алардын койгон максаттарына жетүүгө жардам берет.

Мамлекеттик жогорку окуу жайлардын финансылык автономиясын жогорулатуу аракетинде алдын алуу үчүн чараларды көрүү зарыл экенин эстен чыгарбоо керек.

Кыргызстандагы жогорку окуу жайларга финансылык автономиясын акырындык менен киргизүү жана ишке ашыруунун негизги инструменти дыкат пландаштырылган мамилени жана көптөгөн факторлорду эске алууну талап кылат жана финансылык автономия моделин киргизүү болуп эсептелет. Жогорку окуу жайларда финансылык автономияны ишке ашыруунун эн негизги максаты биргелешкен иш-чараны уюштуруу. Иш чарага финансы министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын өкүлдөрү, жогорку жайлардын ректорлору, каржы жетекчилери, анын ичинде башкы бухгалтерлер жана пландоо бөлүмдөрүнүн жетекчилери жана башкалар катышуусу зарыл. 2024-2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын финансылык өз алдынчалуулугунун стратегиясын ишке ашыруу жөнүндө жол картасынын негизги этапында белгиленгендей финансылык автономиянын моделин иштеп чыгуу жана аны Кыргыз Республикасынын Жогорку кесиптик билим берүү уюмунда ишке ашыруу боюнча жогорку критерийлерди эске алуу менен, башка дагы жогорку окуу жайларга өзгөчө макам берүү зарылчылыгы келип чыгат.

Финансылык автономия билим берүүнүн сапатын жакшыртууга, илимий ишмердүүлүктү өнүктүрүүгө жана жогорку окуу жайларда башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатууга көмөктөшүүчү маанилүү инструмент болуп саналат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. https://cbd.minjust.gov.kg/112665/edition/1273902/kg